**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү токтото туруу тууралуу

# АНЫКТАМАСЫ

2025-жылдын 11-июлу Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Р.Т. Усенованын катышуусунда Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү токтото туруу жөнүндө судья-баяндамачы К.А. Дуйшеевдин маалыматын угуп, “Кыргыз Республикасынын

Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып,

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун өндүрүшүндө Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусу боюнча иш кароодо.

Конституциялык соттун кворуму узак убакытка чейин болбой тургандыгына байланыштуу бул ишти мыйзамда белгиленген мөөнөттөрдө кароо мүмкүн эмес болууда.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эгерде ишти кароону белгиленген мөөнөттө аяктоо мүмкүн болбосо, Конституциялык сот ал боюнча өндүрүштү келип чыккан тоскоолдуктарды жоюу үчүн зарыл болгон мөөнөткө токтото алат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43, 48, 49, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш токтото

турулсун.

2. Бул аныктама кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана даттанууга жатпайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№___________